

Эркингүл АКУНОВА
МЕНИН
ДОСТОРУМ

УДК 087.5:59
ББК 74.102:28.6
А 44

Акунова Э.А.

А 44 Менин досторум. - Бишкек: 2025. - 64 бет.

ISBN 978-9967-9669-3-2

Бул китепчеде баштапкы класстардын окуучуларынын кызыгын арттыра турган жаныбарлар дүйнөсү жөнүндө сөз болмокчу. Жаныбарлардын жашаган жайлары, көбөйүшү, коргоо маселелери.

УДК 087.5:59
ББК 74.102:28.6

ISBN 978-9967-9669-3-2

©Акунова Э.А., 2025

Эркингул АКУНОВА

МЕНИН ДОСТОРУМ



Коён

Дүпүлдөп жерден үн чыгып,
Дүңгүр-дүңгүр этти да.
Чоң алма бак тараптан,
Коён качып кетти да.

Коён, коён, коёнек,
Кайдан качып келесиң?
Кармап алсам чочулап,
Бутуң менен тебесиң.

Коё бергин батыраак,
Артымда куугун тапырап.

Түрсүлдөп согуп жүрөгү,
Кулагын коён жапырат.

Казып жедим сабизди,
Капустаны кемирдим.
Бактын жулуп кабыгын,
Чуңкур кылдым тегизди.

Зыяныма мен кылган,
Ачуусу келип атанын.
Артыман түшүп айкайлап,
Кууса минтип качамын.



Сагызган

Көкүрөгү көк, жашыл,
Жылтырак, кара, бозала.
Боорунун өңү бир башка,
Канаты болсо ак ала.

Куйрук, тумшук, шыйрагы,
Боёлуптур карага.
Сулуулугун жар салып,
Учуп жүрөт талаада.

Конуп алып бактарга,
Куштардын бузат уясын.
Жумурткасын уурдап жеп,
Жок экен, сенин уятың.

Андан көрө курт жегин,
Пайдаңды көргөз адамга.
Үйүмө мейман чакыргын,
Шакылдап сайрап азанда.



Сүлөөсүн

Мышык сымал жырткыч бул,
Өңү кызыл, бозомтук.
Кулак учу тикчиет,
Чачы тагып койгонсуп.

Бозала, кызыл териси,
Аралаш кара тактары.
Узун буту күч берет.
Угулбайт экен басканы.

Таманы анын жазы экен,
Секирген жери этектей,
Бадалды жүрет аралап,
Токойду жашайт мекендеп.



Бирказан

Тумшугу узун, чоң дене,
Куштун аты-Бирказан.
Богогу турат чоюлуп,
Кеңдигин көр-бир казан.

Аралчаны мекендеп,
Камышка уя салышып.
Чыгарат эки, үч жөжө,
Кырк күн жатып алышып.

Аң уулап чыгып таң азан,
Толтуруп оозго балыкты.
Балапанын багам деп,
Эртеден кечке чаалыкты.

Жумурткасын сындырбай,
Көбөйтүү жолун ойлойлу.
Жазылган кызыл китепке,
Бирказанды коргойлу.




Тайган

Тайган, тазы-аңчы ит,
Мурду жытчыл аябай.
Ыкчам чуркайт, арымдуу,
Аңды, дөңдү карабай.

Көзү укмуш көрөгөч,
Күлүктүгүн айтпайлы.
Эчки, теке, түлкү алат,
Токойго салып айкайды.

Жеңил, ыкчам жүгүрүп,
Сунулуп узун моюну.
Ачуусу келсе тайгандын,
Карышкыр калат союлуп.

Шалпаң, узун кулагы,
Чагарак экен куйругу.
Коёнду тиштейт заматта,
Аткарып мерген буйругун.



Ташбака

Мүйуз кабык жамынып,
Жашайт биздин ташбака.
Жыйрылып калат жашынып,
Тийишип балдар баштаса.

Тиши жок экен оозунда,
Балык, чөптү кантип жейт?
Тойгузат күндө курсагын,
Кайгырбайт да, кейибейт.

Ар түрдүү түскө боёлгон,
Кабыгы катуу, сынбаган.
Жүз жыл жашап койсо да,
Кыбырап жаны тынбаган.

Жумуртка тууп, кумду ачып,
Деңизге кетет байма-бай.
«Кыбыраган кыр ашат» -
Жашап келет жайма-жай.



Тоңкулдак

Добуш чыгат токойдон,
Тук-тук, тук-тук, тукулдап.
Чуу жараткан ким болду?
Издеп бастым утурлап.

Катуу тумшук, узун тил,
Баш сөөгү чың болоттой.
Кабыгын бактын чукулайт,
Аярлап, күчүн жоготпой.

Уялайт коңул ичинде,
Таңдан кечке ишинде.
Зыянкеч курттан арылтып,
Пайдасы тиет кишиге.



Булбул

Суу жээгинде отурсам,
Кубулжуп бир куш сайрады.
Мукамдуу чыгып абазы,
Үн салганы жайдары.

Токой ичи, бадалдар-
Жыш өскөн суунун жээгинде.
Миң кайрык чалып тозосуң,
Келип калсам кээ күндө.

Кыш келгенче булбулум,
Кубантып мени сайрачы.
Көбөйүп тукум улантып,
Кетесиң алыс кайра учуп.

Адамга зор пайдаң бар,
Табиятты тазарткан.
Жан козгогон кайрыктар,
Көөдөнүмдү агарткан.



Жолборс

Чокчолойдун баласы,
Чоңдугун мунун карачы.

Кулагы кыска негедир,
Буттары күчкө эгедер.

Таманы жазы басканга,
Тырмагы курч-чапканга.

Камышты түнөк кылышат,
Аяр басып, жылышат.

Кыйын сүзөт сууда да,
Дайым даяр ууга да.

Кар күрткүсүн тебелеп,
Чуркашы кандай керемет.

Бадалдуу токой аралап,
Жүгүрүп жүрөт сабалап.



Илбирс

Тоодогу биздин ак илбирс,
Бул дагы мышык баласы.
Энесине эркелеп,
Сүт эмет экен, карачы.

Денеси күчтүү, кыска бут,
Тоо текеге салат жут.
Кичине кулак, курч тырмак,
Кутулбайт айбан тыбырап.

Денесинин темгили,
Куюлушуп тоо ташка.
Жашырынып калышат,
Көрүнбөй көзгө бир паста.

Жазылып «Кызыл китепке»,
Тукуму калды азайып.
Мергендер! Атпа, кезиксе,
Каласың төлөп, көп айып.



Төө

Ача туяк жаныбар,
Эки түрлүү төө болот.
Сыңар өркөч желмаян,
Дромедар-аны деп коет.

Экинчиси айры өркөч,
Же болбосо бактриан.
Ургаачысын төө дейбиз,
Эркеги анын буура, атан.

Суусуз, кургак чөлдөрдө,
Тикенек жеп күн көрөт.
Чуудасынан жип ийрип,
Сүт, кымызы, май берет.

Көөдөн, кырк муун, тизеси,
Катып калган чор болуп.
Ысык кумда, кыртышта,
Чөгүп жатат комдонуп.



Күчүк

Тентектенип жөнү жок,
Артынан кууп мышыкты.
Тумшугун алды тыттырып,
Азапка минтип тушукту.

Шыйпаңдап чуркап эркелеп,
Эмирдин күтүп буйругун.
Энесинен адашкан,
Жөжөнүн жулуп куйругун.

Сүткө кардың тойгондо,
Күнөстөп күнгө жатасың.
Чуркаса Байсал кубанып,
Карматпай кайда качасың?

Кубалабай жөжөнү,
Кайтара турган жөнүң бар.
Жаныңда Эмир дос барда,
Эминеден кемиң бар?




Аюу


Дүкдүйгөн моюн, жоон бут,
Териси калың, коюу жүн.
Таманы жалпак, май баскан,
Беш манжа учтуу, ачуу үн.

Мамалагы сүт эмет,
Тиштери мокок анткени.
Баш сөөгү чоң, сугалак
Жей берет, тапса эмнени.

Үч түрдүү болот аюулар,
Ак, кара, күрөң дагы бар.
Тоолуу жерде, токойдо,
Музда жашайт жаныбар.

Эт, жашылча, мөмөлөр,
Тамырын жейт чөптөрдүн.
Жай бою мыктап семирдиң,
Кыш айын чээнде өткөргүн.





Жылан

Жумуру, узун куйругу,
Кабырчык баскан денесин.
Айланага жараша,
Өзгөртүп өңүң келесиң.

Сөйлоп жүрөт, буту жок,
Көзүн жаппайт капкакча.
Ошол үчүн тосток көз,
Тили болсо эки ача.

Омурткасы көп санда,
Ачылат оозу аңырдай.
Узун тилин жаланып,
Арбап алат качырбай.

Чычканды жейт кубалап,
Кууп жетип дубалап.
Сойлоп кетсе шыртылдап,
Куйругу мынча чубалат.

Тишинен аккан уусунан,
Эң кымбат дары жасалат.
Майын жапсаң денеңе,
Ооруңду дароо баса алат.

Өлтүрбөгүн дайны жок,
Пайдасы тиет адамга.
Чочуп кетип чакпасын,
Абайлап басып, кадамда.



Кирпи

Пайдалуу адамзатына,
Кирпи досту кааладым.
Зыянкеч курт-кумурска,
Жоготот, аны баалагын.

Узун кулак угарман,
Мурду жытчыл, сезээр жан.
Пайдасы көп экенин,
Мен да бир күн сезээрмин.

Жүнү айланып ийнеге,
Өзгөрүп түсү калыптыр
Бадал түбү-оюкка,
Уя салып алыптыр.

Кол салса эгер түлкү жан,
Тоголок болуп жыйрылат.
Тиштеп алса байкабай,
Таңдайы канап сыйрылат .

Өзүн өзү коргогон,
Жаман жакка барбаган.
Балдардын жакын досу бул,
Атын билген барбы адам?



Карышкыр

Карышкыр-иттин тукуму,
Дайыма ачка жутунуп.
Баккан малга кол салат,
Көздөрү кызыл, кутуруп.

Жаратылыш булганса,
Тазалап, жеп баарылап.
Санитар деп коюшат,
Табиятты дарылап.

Жерге ийин казышып,
Бөлтүрүгүн багышып.
Талаа, түздө жортуулдап,
Чуркап жүрөт каны ысып.



Кыргый

Уялап бактын башына,
Сейрек токой ичинде.
Күнү бою аң уулап,
Учуп келет кечинде.

Кээде салат бүлүктү,
Тик сайылып асмандан.
Илип кетет жөжөнү,
Убакыт жок качканга.

Курт-кумурска терип жейт,
Кескелдирик кубалап.
Шамдагай, алгыр, а бирок,
Тукуму аздан уланат.

Бак башында уясын,
Бузбагыла ургулап.
Балапанын өлтүрбө,
Калбасын жерге кулап



Кашкулак

Чээнден чыкты кашкулак,
Ачкасынан ич бурап.
Уядан чыгып абайлап,
Бир аз турду жыт улап.

Айлана жаз жыттанып,
Калыптыр го кут тамып.
Аң уулайын турбастан,
Кышында жаттым, бүт талып.

Кескелдирик, чычканды,
Курт-кумурска, баканы.
Кармап алып эрмектейм,
Эр кашкулак атанып.

Кол салса түлкү, карышкыр,
Кайрыла калып тиштеймин.
Кышкыга майды жыйнайын,
Жай бою тынбай иштейин.



Кекилик

Тумшугу, буту кыпкызыл,
Сургулт боз экен жондору.
Таш аралап жүгурет,
Борчук таш анын конгону.

Капталында тууралап,
Кеткен кара сызык бар.
Өну жердин өнундей,
Билип алгын кызыкдар.

Жургөн жери бексө тоо,
Зыянкеч куртту терип жеп.

Бадалдуу адыр, таштуу бет,
Кекилик жашайт мекендеп.

Өсумдуктун уругун,
Жалбырагын, бучурун,
Тыпылдатып чокуп жейт,
Тушүрбей жерге күкумүн .

«Кекиликтеп»-үн салып,
Тектирде изи чубалат.
Суу жакка учуп келишет,
Бири-бирин кубалап.



Бугу

Күндүз оттоп, түнкүсүн,
Кепшеп тамак сиңирет.
Эң сымбаттуу жаныбар
Аты кандай? Ким билет?

Бугу, багыш, эликтер,
Кеңири жерге таралган.
Эңилчек, чөп, жалбырак,
Тамагы анын бадалдар.

Ургаачысын марал дейт,
Мүйүзүн таштайт жазында.
А, бугу жүрөт күзүндө,
Мүйүзү жок башында.

Мүйүздөн дары жасалат,
Оорулууну дарылап.
Териси, эти пайдалуу,
Сактайлы аны баарылап.




Кулун, тай

Жал куйругу төгүлгөн,
Кыска, коюу жүнү бар.
Сом туяктуу, буту узун,
Туягы курч, билип ал.

Кулун, тайлар жарышып,
Чуркап келип, жалт берет.
Окуранып, тиштешип,
Тебише кетет калп эле.

Желгени кандай керемет,
Таскагы дагы өзгөчө.
Жорголоп кеткен тайымды,
Сагынып кетем көрбөсөм.



Керик (Носорог)

Сыңар туяк, сүт эмет,
Жүнү такыр, сүйрү баш.
Териси калың, чоң кулак,
Кичине көзү-мончок таш.

Катуу мүйүз тумшукта,
Жоон моюну кыскарып.
Зор салмакты көтөргөн,
Күчтүү экен буттары.

Тропикалык токойдо,
Сазда жашайт топтошуп.
Өсүмдүктүн баарын жейт,
Саваннада оттошуп.

Салмагы оор болсо да,
Ылдам, катуу жүгүрөт.
Саны кетти азайып,
Сактоонун жайын ким билет?



Жираф

Кичинекей коёнек,
Жирафка келди суранып.
Акация гүлунен,
Жыттагым келет, бул анык.

Мен аркандан жете албай,
Секирем да, жугурем.
Мойну, бутуң узун го,
Үзүп берчи тубүнен.

Жираф макул болуптур,
Бакка мойнун созуптур.
Жалбырак жеп, гүл жыттап,
Коён досу онуптур.

Зор жаныбар болсо да,
Досторуна боорукер.
Жакындан жардам көрсөтүп,
Жакшылыкка данакер.



Таранчы


Талаада буудай чабылып,
Четинен капка салынып.
Кубанат менин атакем,
Мол түшүмгө малынып.

Буудайың көккө сапырып,
Кургатып сактап кампага,
Чарына тоюп таранчы,
Талашат коруп жатса да

Колума алып чыбыкты,
Отурам кырман четинде.
Буудайды коруйм чымчыктан,
Үйүлгөн такыр бетинде.

«Пыр-р»этип, учуп, конушат,
Чачылган чарды талашып.
Бөтөгөсү толгон соң,
Канатын жайып тарашып

Башы менен чумкушуп,
Ысыкта сууга чөмүлүп.
Кеч салкында, айлана-
Тынчтыкка калат көмүлүп.



Пингвин

Антарктида жээгинде,
Кызыктуу бир куш болот
Болсо дагы канаты,
Уча албай мыш болот.

Канаттарын каккылап,
Секирет муздан сууга
Топтошуп басып жүрүшсө,
Айлана толуп чууга.

Кыштын катуу суугунда,
Бири бирине ыкташып.
Үшүгөнүн жылытып,
Жөлөнүп алып укташып.

Кыштын каары басылса,
Деңизге чумкуп аң уулап.
Ырахат алып сүзгөндөн,
Денесин жууп, сулуулап.



Козу

Жаңы туулган козуну,
Эмизбей коюм жериди.
Атам кармап мойнунан,
Козусун салса тебинип.

Ачка калды козусу,
Кабыл албай энеси.
Жалабай койсо кургатып,
Калтырак басып денеси.

Бөтөлкөгө сүт куюп,
Упчуну салдым оозуна,
Денесин сүртүп, жылытып,
Кам көрөм минтип козума.

Ак көбүк чыгып оозунан,
Берген сүттү түгөттү.
Жардам берип атама,
Мына ушундай күн өттү.



Музоо

Үзөт жибин байлаган,
Керкее тартып моюнун.
Бутумду сыйра басканда,
Сооротот апам: - «Кой, уулум!»

Апам сүт саайт чакалап,
Музоо тартып мен берем.
Энесин эмет сүзгүлөп,
Желинин чоюп дембе-дем.

Аркандап арык жээгинде,
Ченеп жемин беремин.
Жайлоодо жашап, апама,
Жардам берип келемин.



Жөжөлөр

Жем чачамын тоогума,
Көз салып ачка, тогуна.
Күркүлдөшүп чуркашат,
Биринен бири озуна.

Жаңы чыккан жөжөлөр,
Чыйпылдап, ээрчип энесин.
Күлдө оонап жатышат,
Күнгө кактап денесин.

Жамгыр жааса себелеп,
Чуркап келип жабыла.
Корголошот эненин
Канаттарын жамына.

Тумшуктарын көтөрүп,
Улам суудан ууртташып.
Көпөлөк учса айланып,
Жете алышпайт чуркашып.




Мышык

Эч кимди тоотпос мышыгым,
Карачы мунун бышыгын.
Баш бармагым кемирет,
Келтирип менин кытыгым

Жылуу жерде мемиреп,
«Быр-быр» этип уктайсың.
Гүлдүн чачып топосун,
Кой дегенди укпайсың.

Боортоктоп, билгизбей,
Жөжөнү көздөй жыласың.
Артындан куусам карматпай,
Арыкты жээктеп сызасың.

Тентегим ай, тил укпас,
Жиптерди чубап үзөсүң.
Апама кармап берейин,
Тарбиялап түзөсүн.



Чегиртке

Канаты түз жайгашып,
Секирет арткы бут менен.
Тизеде экен кулагың,
Булчуңга толгон бүт денең.

Жаан жааса шатырап,
Батырак жайып канатың.
Суу өтпөс чатыр өңдөнтүп,
Денеңди жабар адатың.

Эгинди каптап, шылып жеп,
Адамга тиет зыяның.
Чөп-чарды койгон кемирип,
Жырткыч сымал кыялың.



Эркингүл АКУНОВА

«Ыр Толкуган Ысык-Көл» демилгелүү тобунун, Түрк ааламы жазуучулар одагынын мүчөсү.
Ысык-Көл районунун Чок-Тал айлында туулган.
Эмирдин таенеси.



Сүрөтчүсү **Эмир БЕКТЕМИРОВ**

2008-жылы Ысык-Көл районунун Григорьевка айлында төрөлгөн.

Мазмуну

Коён 3
Сагызган 5
Сүлөөсүн 7
Бирказан 9
Тайган 11
Ташбака 13
Тоңкулдак 15
Булбул 17
Жолборс 19
Илбирс 21
Төө 23
Түлкү 25
Күчүк 27
Аюу 29
Жылан 31
Кирпи 33
Карышкыр 35
Кыргый 37
Кашкулак 39
Кекилик 41
Бугу 43
Кулун, тай 45
Керик (Носорог) 47
Жираф 49
Таранчы 51
Пингвин 53
Козу 55
Музоо 57
Жөжөлөр 59
Мышык 61
Чегиртке 63
Авторлор 64